УДК 81’342.622:811.512.1=512.154
DOI: 10.36979/1694-500X-2025-25-10-140-145

# ИЗУЧЕНИЕ ЯВЛЕНИЯ ЭЛИЗИИ В ТЮРКСКИХ ЯЗЫКАХ И СОВРЕМЕННОМ КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*А.А. Ибрагимова*

*Аннотация.* Рассматривается явление элизии, являющееся одним из звуковых особенностей тюркских языков, в том числе кыргызского. Отмечается, что в тюркских языках выпадение гласных во фразах необходимо изучать, сравнивая слова с близкими и далёкими родственными языками. Явление элизии в тюркских языках широко исследовано в трудах таких учёных, как П.М. Мелиоранский, М. Расянен, Э. Тенишев, Т.Х. Смаилов, и др. Актуальность нашей работы в том, что явление элизии в кыргызском языкознании не изучено. На основе исследований тюркских языков были установлены несколько способов изучения указанного явления, в том числе необходимость фонологического анализа. Кроме того, в процессе исторического развития языка морфологические категории также оказывают влияние на явление элизии. Кроме того, проведённые исследования показали, что причины выпадения гласных в словосочетаниях, а также вопросы, связанные с влиянием звуков друг на друга, в кыргызском языке требуют глубокого осмысления. При написании данной статьи использовались сравнительно-исторические, гипотетические методы индукции.

*Ключевые слова:* звук; особенности; падение звука; элизия; выражение; произношение слова; явление; фонетика; тюркские языки; кыргызский язык.

# ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ ЖАНА АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЭЛИЗИЯ КУБУЛУШУНУН ИЗИЛДЕНИШИ

*А.А. Ибрагимова*

*Аннотация.* Эмгекте түрк тилдериндеги, анын катарында кыргыз тилиндеги тыбыштык өзгөчөлүктөрдүн бири элизия кубулушу тууралуу сөз болот. Аталган макалада түрк тилдеринде сөздөрдүн айкашында тыбыштын түшүп калышы сөздөрдү жакынкы жана алыскы тектеш тилдер менен салыштырып изилдөө зарыл экендиги белгиленет. Түрк тилдеринде элизия кубулушу П.М. Мелиоранский, М. Расянен, Э. Тенишев, Т.Х. Смаилов, М.З. Закиров ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде иликтөөгө алынат. Ал эми кыргыз тил илиминде элизия кубулушу иликтөөгө алынбай келгени ишибиздин актуалдуулугун көрсөтөт. Түрк тилдериндеги изилдөөлөргө таянуу менен аталган кубулушту иликтөөнүн бир нече жолу бар экендиги аныкталды. Алардын бири бул кубулушту фонологиялык кубулуш катары иликтөө зарыл экендигин көрсөттү. Андан тышкары, тилдин тарыхый өнүгүү жолунда морфологиялык категориялардын да элизия кубулушуна таасирин тийгизери бышык. Мындай иликтөөлөрдүн натыйжасында, сөз айкаштарында тыбыштын түшүп калуу себептери, ошону менен катар тыбыштардын бири-бирине тийгизген таасири учурда кыргыз тил илиминде зарыл маселелердин бири экендиги белгиленди. Аталган макаланы жазууда салыштырма-тарыхый, гипотетикалык-индукция методдору колдонулду.

*Түйүндүү сөздөр:* тыбыш; өзгөчөлүктөр; тыбыштын түшүп калышы; элизия; сөз айкашы; сөздүн айтылышы; кубулуш; фонетика; түрк тилдери; кыргыз тили.

# STUDY OF THE PHENOMENON OF ELISION IN TURKIC LANGUAGES AND THE MODERN KYRGYZ LANGUAGE

*A.A. Ibragimova*

*Abstract.* The article descusses the phenomenon of elision, one of the sound features of the Turkic languages, including Kyrgyz. This article notes that in the Turkic languages, the vowel drop in phrases must be studied by comparing words with close and distant related languages. The phenomenon of elision in Turkic languages has been extensively studied

in the works of such scientists as P.M.Melioransky, M.Rasyanen, E.Tenishev, T.H.Smailov, and others. And the fact that the phenomenon of elision in Kyrgyz linguistics has not been studied shows the relevance of our work. Based on the research of the Turkic languages, it was found that there are several ways to study the phenomenon of elision. One of them points to the need to study this phenomenon as a phonological phenomenon. Secondly, throughout the historical development of language, morphological categories also influence elision. As a result of the conducted research, it was found that the causes of vowel loss in phrases, as well as the influence of sounds on each other, are currently one of the necessary tasks in Kyrgyz linguistics. When writing this article, comparative historical, hypothetical induction methods were used.

*Keywords:* sound; features; sound drop; elision; expression; pronunciation of a word; phenomenon; phonetics; Turkic languages; Kyrgyz language.

**Киришүү.** Макалада түрк тилдериндеги, анын катарында кыргыз тилиндеги тыбыштык өзгөчөлүктөрдүн бири элизия кубулушу каралат. Түрк тилдеринде сөздөрдүн айкашында тыбыштын түшүп калышы сыяктуу кубулуштун келип чыгышынан улам сөздөрдү жакынкы жана алыскы тектеш тилдер менен салыштырып изилдөө зарылчылыгы келип чыгат. Кыргыз тил илиминде сөздөрдүн айкашында тыбыштын түшүп калышы, башкача айтканда, элизия кубулушун изилдөөнүн көптөгөн маселелери бүгүнкү күндө изилденбей келе жаткандыгын белгилеп кетүү зарыл. Элизия кубулушунун түрлөрү, колдонуу орду тууралуу кеңири изилдөө учурдун талабы, башкача айтканда, изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

Биздин максатыбыз – сөз айкаштарында тыбыштын түшүп калуу себептерин, ошону менен катар тыбыштардын бири-бирине тийгизген таасирин, кайсы сөз түркүмдөрүнүн айкашуусу аркылуу жасалышын аныктоо.

**Изилдөө методологиясы.** Материалды талдоодо адекваттуу ыкмалар колдонулду, анын сап башында К.К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгү” жана Д. Исаевдин “Жер-суу аттарынын сыры” аттуу эмгектерине ар тараптуу лингвистикалык талдоо жүргүзүлдү. Көпчүлүк учурларда аталган макаланы жазууда салыштырма-тарыхый, сыпаттама, гипотетикалык-индукция ыкмалары колдонулду.

**Натыйжалар.** Түрк тилдериндеги уңгу сөздөр көп кылымдар бою ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болуп келген. Уңгу сөздөрдөгү тыбыштык өзгөрүүлөрдүн негизинде элизия, метатеза, прокопа, аферезис ж. б. кубулуштары пайда болгон. Элизия кубулушуна тиешелүү бир нече мисалдарды келтирүү аркылуу тыбыштардын түшүп калышын алардын күчсүз айтылышы менен түшүндүрүүгө болот. Мындай жанаша айтылган сөздөрдүн ортосундагы тыбыштардын сыйлыгышып түшүп калышы кыргыз тилиндеги бардык үндүү тыбыштарга мүнөздүү.

К.К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” элизия кубулушу тууралуу сөз болбосо да, айтылышы боюнча бул кубулушка дуушар болгон сөздөрдү кезиктирүүгө болот. Кыргыз элинин жер-сууларынын аттары дагы айрым учурларда элизия кубулушуна дуушар болгонун белгилей кетүү керек. Д. Исаевдин “Жер-суу аттарынын сыры” эмгегинде элизия кубулушунун аныктамасын мисалдары менен берген, бирок “элизия” термини деп атаган эмес.

**Талкуу.** Түрк тилдериндеги элизия кубулушу тууралуу эң алгач пикирин белгилүү түрколог П.М. Мелиоранский 1894-жылы чыккан “Краткая грамматика казах-киргизского языка” аттуу эмгегинде казак тилиндеги сөз ортосунда үндүү тыбыштын түшүп калышына бир нече мисалдарды баса белгилеп өткөн. Алсак, *құла ат* – құлат “саврасый”*, қара ала ат* – қаралат “чёрно-пятнистая лошадь”, *ескі ет* – ескет “старое мясо” ж. б. [1]. М. Расянен 1949-жылы чыккан “Материалы по истории тюркских языков” аттуу эмгегинде элизия кубулушунун келип чыгышы тууралуу төмөндөгүдөй пикирин айткан: “Ударение в конце слова привело к сокращению или даже потере гласной первого слога” [2]. Ал эми Н.Д. Климов аталган кубулуштун келип чыгышынын бир себеби катары кеп ишмердүүлүгүндө энергияны үнөмдөөнүн негизинде деп эсептейт: “Примерами относительного сокращения языковых средств могут служить эллиптические конструкции, а также редукция или выпадение отдельных звуков и слогов в слове” [1, 7-б.].

Э. Тенишев жалпы эле түрк тилдериндеги тыбыштык өзгөрүүлөр тууралуу төмөндөгүдөй

жыйынтыкка келет: “Гласные, присутствующие в первых слогах многосложных слов, претерпевают различные изменения в зависимости от следующих факторов: 1) характер рассматриваемой гласной; 2) ударение; 3) характер слога; 4) согласные рядом с гласной; 5) влияние гласных в последующих слогах. Ал эми сөз башында үндүү тыбыштардын түшүп калышы кууш үндүүлөргө мүнөздүү деген [3]. Казак тилиндеги тыбыштык өзгөрүүлөрдү изилдөө аркылуу Т.Х. Смаилов элизия кубулушунун келип чыгышы тууралуу төмөндөгүдөй 3 шартты белгилейт: “Быстрый темп произношения; сочетание слов должно составлять одну синтагму в потоке речи; состоящая из двух и более лексических единиц синтагма, в которой потенциальна возможна элизия, должна быть подчинена единому фразовому ударению”[1, 75-б.].

Ушул эле ойду улай Т. Садыков оозеки кепте тыбыштардын агымы синтагма (/) жана фразалар (//) менен ажыратыларын белгилейт [4, 110-б.]. В. Тюрк бул фонологиялык кубулуштун чанда кездешерин белгилеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет: “Наш вывод о падении гласных в переднем гласном, который мы обнаружили практически во всех диалектах турецкого языка, заключается в том, что это событие сосредоточено в безударных узких гласных перед плавными и сочащимися согласными” [5].

Кыргыз тилинде элизия кубулушун изилдеген окумуштуулар тууралуу так маалымат табуу кыйын, бирок бул кубулуш тил илиминде жалпысынан изилденип келген. 1980-жылы чыккан “Кыргыз адабий тилинин грамматикасы” аттуу эмгекте Д. Исаев “Үндүү тыбыштардын түшүп калышы” деген бөлүмдө элизия кубулушу деп көрсөтпөстөн жөн гана 8-параграфында кайсы учурда үндүү тыбыштардын түшүп калары тууралуу айтат [6]. Мисалы: *каруй – кара уй, кулат – кула ат, айталек – айта элек, көрөлек – көрө элек* ж. б. Бул сөздөрдүн катарындагы айта элек – *айталек, көрө элек – көрөлек* деген мисалдары аферезис кубулушу болуп саналат.

Ж. Мамытов 1999-жылы чыккан “Азыркы кыргыз тили” эмгегинде элизия кубулушуна төмөндөгүдөй аныктама берет: “Уңгу менен мүчөнүн же жанаша келген эки сөздүн ортосундагы катар келген эки үндүүнүн бирөөнүн жоюлуп кетиши **элизия** деп аталат” [7, 69-б.]. Ушул эле пикирди улай Ш. Жапаров, Т. Сыдыковалардын “Азыркы кыргыз тилинин фонетикасы” деген эмгегинде бул кубулушка тиешелүү 2 учурду көрсөтөт [8]. Бирок 1-учурунда аферезис кубулушу менен элизия кубулушунун аныктамалары бириктирилип, мисалдарында да эки кубулушка тиешелүү мисалдар берилген. Алсак, *же+ыш=жеш, ата+ым=атам, жаса+ын=жасан* деген үч мисал элизия кубулушуна туура келбейт. Себеби аныктаманын так эместигине байланыштуу деп эсептейбиз. Ж. Мамытов менен Ш. Жапаров, Т. Сыдыковалардын аталган эмгектеринде элизия кубулушун жанаша айтылган сөздөрдө эки үндүү тыбыштын бирөөсүнүн сыйлыгышып түшүп калышы деп беришкен. Д. Исаевдин аныктамасы боюнча жанаша айтылган сөздөрдүн биринчи сөзүнүн акыркы тыбышынын түшүп калышы бул кубулушту мүнөздөйт [6].

Кыргыз тилинде төмөндөгүдөй үндүүлөрдүн таасири менен элизия кубулушуна өткөн мисалдарды 1965-жылы чыккан К.К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүк” аттуу эмгегинен көрүүгө болот:

**-ы**: *сары ала – сарала* “рыже-пегий”, *ак сары башыл – аксарбашыл* “белая овца с жёлтой головой”, *жаны узак – Жанузак* “имя”, *Сары жылдыз – Саржылдыз* “звезда Венера”, *кары жилик – каржилик* “плечевая кость”, *сары атан – саратан* “майский жук”, *сары жээк – саржээк, сары дубал – сардубал* “часть верха стены, идущая поверх поперечных балок”, *сары санаа – сарсанаа* “сильное беспокойство”, *сары таман – сартаман* “в полной силе, о хорошем коне”;

**-и**: *бери жакта* – бержакта “по эту сторону”, *деги эле – дегеле* “в общем”;

**-е**: *эрте эле – эртеле өлгөн жанбыз* “нам всё равно умирать”;

**-у**: *куру калдым – куркалдым* “мне не удалось”.

Аталган сөздүктүн негизинде элизия кубулушуна дагы азыркы учурга ылайык төмөндөгүдөй мисалдар менен катарын толуктоого болот: *ала өпкө – алөпкө* “грубо самонадеянный”, *таза аба – тазаба* “чистый воздух”; *кара ала – карала* “ворона-пегий”. Жогорудагы

мисалдарга таянуу менен бул кубулушка кирген сөздөрдүн саны арбын экендигин белгилөөгө болот.

К.К. Юдахиндин сөздүгүндө *сары* деген сөз катышкан сөздөрдүн айкашында дайыма *сар* болуп айтыларын белгилеген [9, 637-б.]. Д. Исаев *сары* сөзүнүн этимологиясын изилдөөдө анын эки маанисин берет: биринчиси – түстү, экинчиси – иран тилдерине таандык болгон *сар* (баш) деген сөз [10, 46-б.]. Ошондой эле элизия кубулушуна тиешелүү бир нече мисалдарды келтирип, [*ы*] жана [*у*] фонемаларынын түшүп калышын алардын күчсүз айтылышы менен түшүндүрөт. Мисалы, *кара уй – каруй, тору ат – торат, сары ала – сарала.*

Кыргыз элинин жер-сууларынын аттары айрым учурларда элизия кубулушуна дуушар болот. Д. Исаевдин 1977-жылы жарык көргөн "Жер-суу аттарынын сыры" эмгегинде аталган кубулушка төмөндөгүдөй жердин аттарын санап өтөт. Мисалы, *Сары-Камыш – Саркамыш, Сары-Жыгач – Саржыгач, Сары-Токой – Сартокой, Сары-Булак – Сарбулак, Сары-Аска – Сараска, Сары-Чашма – Сарчашма, Сары-Булуң – Сарбулуң* [10, 49–50-бб.]. Ал аталган эмгегинде элизия кубулушунун аныктамасын мисалдары менен берген, бирок "элизия" термини деп атаган эмес. Д. Исаевдин эмгегинде берилген жер-суу аттарынын аталыштарына анализ жүргүзүү менен элизия кубулушуна таандык болгон төмөндөгүдөй топонимдерди киргизүүгө болот деп эсептейбиз.

Атап айтканда, *Жаңы-Булак – Жаңбулак, Жаңы-Талап – Жаңталап, Жаңы-Алыш – Жаңалыш, Кичи-Коргон – Кичкоргон, Эки-Айры – Экайры, Кичи-Өрүктү – Кичөрүктү, Жети-Өгүз – Жетөгүз* [10, 29–39-бб.]. Элизия кубулушуна учураган сөз айкаштарынын компоненттери биригип, айтылышы боюнча бир сөздүн катарына өтөт. Алсак, төмөндө келтирилген сөз айкашынын биринчи компоненти *ы* жоон үндүү тыбышына аяктаса, айтылышында аталган тыбыштын түшүрүлүп айтылышы менен экинчи компоненти биригип калганын көрөбүз. Мисалы, *сары ала – сарала* "рыже-пегий" [9, 635-б.]; *кары жилик – каржилик* "плечевая кость"; *сары ooру – сароору* "тоска, печаль" [9, 574-б.].

Сөз айкаштарынын курамы тууралуу сөз кылганда фразеологиялык айкаштар дагы элизия кубулушуна учураган абалын көрөбүз: Мисалы, *эки ача ой бар – экача ой бар* "существует два различных мнения" [9, 81-б.], *бети ачылды – бетачылды* "он разоблачён" [9, 130-б.], *ичи ачышып – ичачышып* "у него всё внутри кипит" [9, 83-б.]. Демек, фразеологизмдердин курамындагы компоненттеринин бардыгы айтууда кошулуп калбайт, тагыраак айтканда, басым түшпөгөн үндүү тыбыш гана түшүрүлүп, бир темп менен айтылат, ал эми калган компоненттери туруктуу сакталат.

Ошону менен катар эле жогоруда берилген мисалдардан кайсы тыбыштардын айкашы аркылуу жасалганын да көрүүгө болот: **а-а:** *таза аба – тазаба* "чистый воздух"; **а-о:** *Кара-Ой – Карой* (топоним); **а-ө:** *ала өпкө – алөпкө* "грубо самонадеянный"; **е-э:** *эрте эле – эртеле өлгөн жанбыз* "нам всё равно умирать"; **и-а:** *эки ача ой бар – экача ой бар* "существует два различных мнения"; **и-э:** *деги эле – дегеле* "в общем"; **и-ж:** *бери жакта – бержакта* "по эту сторону"; **и-оо:** *эси ооду – эсооду* "он лишился рассудка"; **и-к:** *Кичи-Коргон – Кичкоргон* (топоним); **и-ө:** *Кичи-Өрүктү – Кичөрүктү*; **ы-а:** *сары атан – саратан* "майский жук"; **ы-б:** *ак сары башыл кой – аксарбашыл кой*; **ы-д:** *сары дубал – сардубал* "часть верха стены"; **ы-ж:** *сары жылан – саржылан* "желтопузик"; **ы-и:** *сары изине чөп салуу – саризине чөп салуу* "неотступно преследовать кого-либо"; **ы-к:** *сары кызыл – саркызыл* "сивый с жёлтым". Жогорудагы мисалдардан улам кыргыз тилиндеги бардык үндүү тыбыштар элизия кубулушун жасоого катышарын көрөбүз. Ошону менен катар эле тыбыштардын айкашында да жанаша келген сөздүн баш тамгасы болуп бардык үндүү тыбыштар да катышат.

Сөздөрдүн айкашы дагы маанилүү маселелердин бири. Сөз түркүмдөрү боюнча төмөндөгүдөй түрлөрүн көрсөтүүгө болот:

**зат атооч+ зат атооч:** *Талды-Булак – Талдбулак;*

**зат атооч+сын атооч:** *жаны узак – Жанузак, колу ачык – колачык;*

**зат атооч+ тактооч:** *каны аз – каназ;*

**зат атооч+этиш:** *бети ачылды – бетачылды;*

**зат атооч+атоочтук:** *башы оогон жакка – башоогон жакка;*

**зат атооч+жандооч:** *катары менен – катарменен;*

**сын атооч+зат атооч:** *таза аба – тазаба ж. б.;*

**сын атооч+сын атооч:** с*ары ала – сарала, сары кызыл – саркызыл;*

**сын атооч+этиш:** *куру калдым – куркалдым;*

**сан атооч+зат атооч:** *Жети-Өгүз – Жетөгүз, жети эшик – жетешик;*

**сан атооч+сын атооч:** *эки ача ой бар – экача ой бар;*

**сан атооч+ -оо, -өө** жамдама сан атоочту уюштуруучу мүчөлөр: татар тилинде *алты+ау=алтау* “шесть – вшестером”, *ике+әү=икәү* “два – вдвоём”[11, 71-б.] мисалдары берилет, ал эми кыргыз тилинде Ш. Жапаров, Т. Сыдыковалардын эмгегинде *алтоо, жетөө* сан атоочтору берилет [8]. Бул сан атоочтордун катары *экөө* деген сан атооч менен толукталат:

**ат атооч+зат атооч:** у*шул убакытта – ушубакытта;*

**тактооч+зат атооч:** *бери жакта – бержакта;*

**этиш+этиш:** *бара алат – баралат* “может идти” [6].

**Жыйынтык.** Берилген мисалдардын негизинде элизия кубулушуна кирген сөздөрдүн кайсы сөз түркүмдөрүнөн жасалганын жана алардын сандык катышын дагы белгилеп кетүүгө болот. Алсак, сын атооч менен зат атоочтун айкашындагы сөздөрдүн тизмеги басымдуу кыларын көрөбүз.

Түрк тилдеринде, анын катарында кыргыз тилинде элизия кубулушу сөз айкаштарын айтуу темпине байланыштуу болот. Түрк тилдери агглютинативдүү тилдердин тобуна киргендиктен, басым акыркы муунга түшөт. Ошол себептен тез айтууда сөз айкаштарында айрым учурда алар бир сөз катары кабылданып, муун экинчи компонентке түшүүнүн негизинде элизия кубулушу келип чыгары анык.

Жогоруда иликтөө иштери К.К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүнө” жана Д. Исаевдин “Жер-суу аттарынын сыры” аттуу эмгектерге таянуу менен жүргүзүлдү. Сөздүктө жалпысынан 15 сөз айкашы бул кубулушка кире тургандыгы көрсөтүлгөн. Биздин иликтөөбүздө сөздүккө таянуу менен 26 сөз айкашын, Д. Исаевдин эмгегинен 27 сөз айкашын элизия кубулушунун катарына кошо алабыз. Д. Исаевдин эмгегинде берилген топонимдерди иликтөө менен бул кубулушка тиешелүү бардык сөздөрдү камтып көрсөттүк. Ал эми К.К. Юдахиндин сөздүгүндө туруктуу сөз айкаштарды гана толук бергени менен, элизия кубулушу эркин сөз айкаштарынан да келип чыгары маалым. Биз эки эмгекке гана таянуу менен сандык катышы берилди, ал эми оозеки кепте алардын саны арбын экендигин айта кетүү керек. Ошентсе да, ар бир элизия кубулушуна учураган сөздү, биринчиден, тыбыштардын катышына карай, экинчиден, аларга эксперименталдык иликтөө зарылдыгы келип чыккандыгына байланыштуу алдыда дагы да көп изилдөө иштери бар экендигин ачыктап койду.

Элизия кубулушуна иликтөө жүргүзүү келечекте түрк тилдеринде, анын катарында кыргыз тилинде байыркы уңгу типтерин, алардын морфемаларын аныктоо, иликтөө иштерине жол ачып берет.

Поступила: 15.09.2025;
рецензирована: 29.09.2025; принята: 01.10.2025.

***Колдонулган адабияттар***

1. *Смаилов Т.Х.* Фонетические явления в слове современного казахского языка / Т.Х. Смаилов. Алма-Ата, 1984. С. 5–6; 139–147.
2. *Расянен М.* Материалы по истории тюркских языков / М. Расянен. М., 1949. С. 44.
3. *Тенишев Э.* Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Фонетика / Э. Тенишев. М., 1984. С. 78.
4. *Сиразитдинов З.А.* О принципах создания фонетических корпусов тюркских языков: на примере материалов говоров башкирского языка / З.А. Сиразитдинов, Л.А. Бускунбаева. Т.С. Садыков // Alatoo Academıc Studies. Бишкек. 2019. № 3. С. 111.
5. *Türk V.* Türkçede ön seste ünlü düşmesi(aphaeresis-aphesis) örnekleri / V. Türk // Türk Dili Araştırmaları Yıllığı-Belleten. TÜRKİYE. 2003. № 44. S. 223–233.
6. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. Фрунзе, 1980. 41-б.
7. *Мамытов Ж.* Азыркы кыргыз тили. Фонетика / Ж. Мамытов. Бишкек, 1999. 256 б.

8. *Жапаров Ш.* Азыркы кыргыз тилинин фонетикасы / Ш. Жапаров, Т. Сыдыкова. Бишкек, 2012. 36-б.
9. *Юдахин К.К.* Кыргызча-орусча сөздүк / К.К. Юдахин. Бишкек, 1999. 974 б.
10. *Исаев Д.* Жер-суу аттарынын сыры / Д. Исаев. Фрунзе, 1977. 152 б.
11. *Закиев М.З.* Тюркская морфонология и этимология (на примере татарского языка) / М.З. Закиев // Проблемы востоковедения. 2014. № 1 (63). URL: https://cyberleninka.ru (дата обращения: 17.08.2025).